| Предметтин аты: География | Өтүлгөн мөөнөтү | Классы | «БЕКИТЕМИН» ОББ: |
|---|---|---|---|
| Планды түзгөн: Маматова А.А | 30.09.22 | 11-класс | |

## Сабактын темасы: Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору

| Сабактын максаттары: | Көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| **Билим берүүчү:** Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорунун жайгашуусунун географиясы боюнча түшүнүү менен тексттин мазмунун билишет. | **Эгерде окуучу:** Чет өлкөлүк Европаны субрегиондорунун жайгашуусунун географиясы боюнча түшүнүү менен тексттин мазмунун билишсе; |
| **Өнүктүрүүчү** : Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорунун жайгашуусунун географиясына терең ой жүгүртүү менен картадан жайгашкан ордун аныкташат. | Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорунуун жайгашуусунун географиясына терең ой жүгүртүү менен картадан жайгашкан ордун аныкташса; |
| **Тарбия берүүчү:** Окуучулар сабакка кызыгуусун арттыруу менен бирге чет тилин билүүгө жана улаттар аралык ынтымакты сактоого тарбияланышат. | Окуучулар сабакка кызыгуусун арттыруу менен бирге чет тилин билүүгө жана улаттар аралык ынтымакты сактоого тарбияланышса; |

**Күтүлүүчү натыйжа:**

- Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорунун жайгашуусунун географиясы боюнча түшүнүү менен тексттин мазмунун билишти.
- Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорунун жайгашуусунун географиясына терең ой жүгүртүү менен картадан жайгашкан ордун аныкташты.
- Окуучулар сабакка кызыгуусун арттыруу менен бирге чет тилин билүүгө жана улаттар аралык ынтымакты сактоого тарбияланышты.

**Сабактын тиби: Жаңы теманы түшүндүрүү.**

**Колдонулуучу методдор:**

Жекече,топто,жупта иштөө,баяндоо,изилдөө,көрсөтүү методдору.

**Колдонулуучу баалоо методдору:**

Баяндап баалоо,аныктоочу,калыптандыруучу,бири-бирин баалоо.

**Сабактын жабдылышы:**

Дүйнөнүн саясий,картасы,таркатмалар,батман,үпайлар,копировка,маркер. атлас,контур карта,тест ж.б.

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

| | | |
|---|---|---|
| 1.Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо. **(ПК1)** | 2.Географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү. **(ПК2)** | 3.Географиялык обьектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикке багыт алуу. **(ПК3)** |

<table>
<tr><th rowspan="2">№</th><th rowspan="2">Сабактын этаптары</th><th rowspan="2">Мугалимдин ишмердиги</th><th rowspan="2">Окуучулардын ишмердиги</th><th colspan="2">Компетент түүлуктөр</th></tr>
<tr><th>НК</th><th>ПК</th></tr>
<tr><td>1.</td><td>Уюштуруу (3 мин)</td><td>Саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү жана окуучулардын катышуусун жоктоо ,алтын эрежени эске алуу менен сабакты баштоо</td><td>Окуучулар бири-бирине жагымдуу маанай тартуулашат жана алтын эрежени сакташат</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2.</td><td>Үй тапшырмасын суроо(5мин)</td><td>"Балык уулоо" оюну аркылуу суроолор жазылган баракча балыктагы тапшырмаларга жооп беришет.<br>1. Дүйнөдө канча өнүккөн өлкө бар?(60 тан ашык.)<br>2.Дүйнөдө аянты боюнча 3 млн км$^2$тан ашкан канча өлкө бар?(7 өлкө Россия,Канада,Кытай,АКШ,<br>Бразилия,Австралия,Индия.)<br>3.Дүйнөдө калкынын саны боюнча 100 млн дон ашкан канча өнүккөн өлкө бар? (11 өлкө Кытай,Индия,АКШ, Индонезия,Бразилия,Пакистан,Россия,Нигерия,Бангладеш,Япония, Мексика)<br>4.Дүйнө өлкөлөрү канча топко бөлүнөт? (Үч)<br>5. Манако өлкөсүнүн аянты?(1,9 км$^2$)<br>6.Сан-Марино өлкөсүнүн аянты? (61 км$^2$)<br>7.Андора өлкөсүнүн аянты? (467км$^2$)<br>8.Лихтенштейн өлкөсүнүн аянты?(160км$^2$)<br>9.Ватикан өлкөсүнүн аянты?(0,44км$^2$)</td><td>Класстагы окуучулар бири-бирине суроо берүү менен үй тапшырмасын суроолордун негизинде талкуулашат.</td><td>НК1<br>НК2<br>НК3</td><td>НК1<br>НК2<br>НК3</td></tr>
<tr><td>3.</td><td>Жаңы материалдарды түшүндүрүү (10 мин)</td><td>Чет өлкөлүк Европа эки же төрт субрегиондорго бөлүнөт. "Борбордук октун" өнүгүүсү-региондук аймактын түзүлүшүнүн башкы элементи."Европанын башкы көчөсү"-деп аталган Рейн-Рона жолу түзөт.Эң жакшы өнүккөн райондор:Лондон менен Париждин үлгүсү.Бул жерлерде өнөр жайлар,илим,тейлөө,маданият чөйрөсүнүн ишканалары жакшы өнүккөн.Лондон районунун калкы 9,8 млн калк,Париждс 15 млн калк жашайт.26 27 сүрөт менен иштөө.<br>Чет өлкөлүк Европанын жалпы мүнөздөмөсү боюнча айтсак эки негизги белгиси менен айырмаланат .Биринчиси,бул өлкөлөрдүн бири-бири менен жакын жайгашуусу,транспорттук жакшы байланышы жана чек араларда тоскоолдуктардын жоктугу. Экинчиси,көп өлкөлөрдүн деңизге жакын жайгашуусу,1990-жылы региондун саясий биригишине 55 өлкө мүчө болгон.<br>Каралып жаткан аймак түндүктөн түштүккө карай (Шпицберген аралынан Крит аралына чейин)5 миң км ге батыштан чыгышка карай 3 миң км ге созулат. Калкы 520 млндон ашык.Аянты 5,4 млн км$^2$40 эгемендүү өлкө бар .Манако 2 млн км$^2$,Сан-Марино 61 млн км$^2$</td><td>Окуучулар алган маалыматтарын жазышып отурушат</td><td>НК1<br>НК2<br>НК3</td><td>ПК1<br>ПК2<br>ПК3</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Интерактивдүү тапшырма (10мин)</td><td>Мугалим окуучуларга "Эки бетүү күндүлүк"ыкмасы аркылуу тапшырма берет<br><table><tr><th>Чет өлкөлүк Европанын субрегиондорун жазуу</th><th>Субрегиондоу боюнча маалымат жазуу</th></tr><tr><td>Түндүк Европа</td><td></td></tr><tr><td>Түштүк Европа</td><td></td></tr><tr><td>Батыш Европа</td><td></td></tr><tr><td>Чыгыш Европа</td><td></td></tr></table></td><td>Окуучулар берилген тапшырманы биргеликте,топто,жупта аткарышат.</td><td>НК1<br>НК2<br>НК3</td><td>ПК1<br>ПК2<br>ПК3</td></tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Сабакты бышыктоо (6мин) | **"Инсерт"** ыкмасын пайдалануу.Окуучулар<br>Барак бетине (жөнөкөй калем менен)белги коюу аркылуу,т.а.төмөндөгү белгилер коюлат<br>**«√» - (ооба)**эгер сиз окуп жатканга,билгениңиз туура келген учурда коюлат.<br>**«-» -(алуу)**,эгер маалымат сиздин билгениңизге карама-каршы келсе коюлат.<br>**«+»- (кошуу)**,эгер окуп жатканыңыз сиз үчүн жаңы болсо коюлат.<br>**«?»-(суроо)** ,эгер сиз кошумча маалыматтарды талап кылсаңыз же түшүнүксүз болсо коюлат.<br>Жуптарда,анан топтордо белги коюлган барактар талкууланат.<br>Жыйынтыктар чыгырылат.<br>берилген суроолор боюнча жооп жазышат жана эс тутумун өстүрүшөт.<br>1. **Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору экиге бөлүнөбү?**<br>2. **Чет өлкөлүк Европанын субрегиондор төрткө бөлүнөбү?**<br>3. **Батыш Европага 24 мамлекел киреби?**<br>4. **Борбордук жаначыгыг Европанын курамына 16 өлкө киреби?**<br>5. **Чет өлкөлүк Европанын субрегиону өтө ар түрдүүбү?**<br>6. **Чет өлкөлүк Европанын субрегиондоруна Аравия киреби?** | Окуучулар "Инсерт" ыкмасын пайдалануу менен тема боюнча маалымат алышат, өлкөлөрдүн картадан көрсөтүшүп айтышат | НК1 | ПК1<br>ПК3 |
| 7. | Үй тапшырма (2мин) | § 21 Чет өлкөлүк Европанын субрегиондору жана 10 суроо түзүү<br>Үйдөн контур картага Чет өлкөлүк Европанын суб региондоруна кирген өлкөлөрүн белгилеп,жазып ,<br>10 тест түзүп келгиле | Маалымат жана контур карта менен иштөө жазуу | ПК3 | ПК3 |
| 8. | Баалоо (2мин) | Мактоо сөздөр айтылат.<br>Активдүү катышууга шыктандырат<br>Упайлардын негизинде баалоо | Окуучулар билимине ,аракетине жараша бааланат. | | |

